| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br><br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

**«15» октябрь 2021-жыл. №6/1** **Жар-Кыштак айылы**

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕЦЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ VI СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

Сасык-Булак айылындагы айыл чарба багытындагы жерди башка категорияга которуу (трансформациялоо) жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 15.07.2011-жылдагы №101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамына, Жер Кодексинин 11-; 13-беренелерине негиз, Ырыс айыл кеңешинин 03.03.2020-жылдагы №17/2 токтомуна, Ырыс айыл өкмөтүнүн жерге укук берүүчү комиссиясынын 08.09.2021-жылдагы №16 протоколуна жана Ырыс айыл өкмөтүнүн 08.09.2021-жылдагы №10-токтомуна ылайык, айыл өкмөтү тарабынан берилген сунушту депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**ТОКТОМ К Ы Л А Т:**

1. Сасык-Булак айылынын аймагындагы айыл чарба багытындагы жерлер категориясындагы кайра бөлүштүрүү фондунун эсебиндеги №279-контурдагы 3,0 га кайракы айдоо, №82-контурдагы 4,8 га кайракы айдоо, №78-контурдагы 2,8 га кайракы айдоо жана жайыт жерлери эсебиндеги №81-контурдагы 0,8 га, №84-конгурдагы 0,5 га, №85-контурдагы 1,1 га жалпысынан 13,0 га жер аянты мамлекеттик менчикке алынсын жана «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлери» категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Логистикалык борбордун курулушу үчүн жактырылган 13,0 га жер тилкесинин картографиялык материалдарын жана чиймелерин даярдап берүү, трансформациялоого байланыштуу иштерди уюштуруу жагы айыл өкмөтүнүн жер адиси У.Абжалиловко милдеттендирилсин.

3. Логистикалык борбор куруу үчүн тандалган жер аянтына жерге жайгаштыруу боюнча юридикалык иш кагаздарын даярдап, каттоодон өткөрүп берүү жагы «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Сузак филиалынан суралсын.

4. Курула турган логистикалык борбордун архитектуралык план шарттарын жана башка тийиштүү архитектуралык иш кагаздарын даярдап берүү жагы Сузак районунун шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгынан суралсын.

5. Курула турган логистикалык борбордун башкы планы бекитилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.М.Кадиркулов.**